КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

ЖЫРГАЛАҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЖЫРГАЛАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

16.03.2022 № 12 Жыргалан айылы

**Жыргалаң айыл аймагынын айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз XII- сессиясы**

# ТОКТОМ

**Жыргалаң айылаймагынын Жыргалаң айылында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобосу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына ылайык жана 2022-жылдын 14-мартындагы Жыргалаң айыл аймагынын Жыргалаң айылынын тургундарынын жалпы жыйынынын протоколдук тапшырмасын аткаруу максатында Жыргалаң айыл аймагынын айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз XII- сессиясы **токтом кылат:**

1. Жыргалаң айылаймагынын Жыргалаң айылында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. “Жыргалаң Ынтымагы” борбордук жамаатына (Курманов Ш.К.) жана Жыргалаң айыл өкмөтүнө (Мукалаев Т.А.):

- Жыргалаң айылында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчилике, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-санаасын, үрп-адатын тоготпоого жол бербөө, ата салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санасын жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана түшүндүрүү иштерди жүргүзсүн;
- Жобонун аткарылышы боюнча маалыматтар мезгил мезгили менен калк арасына жеткирилип туруу жагы милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо,жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура,курулуш,транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына (Кудабаев Э.К.) жана Жыргалаң айыл өкмөтүнүн башчысына (Мукалаев Т.А.) жүктөлсүн.

**Төрайым** **К.С. Букаева**

Жиберилди: иш кагаздарга-1, Т.А. Мукалаевге-1, Э.К. Кудабаевге-1, "Жыргалаң Ынтымагы" борбордук жамаатына -1, юстиция башкармалыгына-1